**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Тойчубеков Жыпарбек Алымбаевичтин

кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

9-июль 2015-жыл Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы төмөнкү курамында: Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаев, К. Абдиев, катчы А.Ж.Таштановынын катышуусу менен, Тойчубеков Жыпарбек Алымбаевичтин кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы :**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына 2015-жылдын 29-июнунда «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу» 2011-жылдын 15-июнундагы № 46 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө, 7-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнө, «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине, «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө»

Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет деп табуу жөнүндө Ж. Тойчубековдун өтүнүчү келип түшкөн.

Арызданууучу өз кайрылуусунда, Сауд Аравия Королдугунун аймагындагы ыйык жерлерге зыяратка баруусун (ажы, умра) уюштуруу иштерине биринчи иретте мамлекет тарабынан аткарыла турган иш-чаралар көрүлөт, зыяратка баруу боюнча уюштуруу маселеси Сауд Аравия Королдугунун ажылык иштери боюнча министрлиги менен Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын ортосунда суйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана макулдашууга кол коюуну, ошондой эле тийиштүү мамлекеттик органдар аркылуу визаларды тариздөөнү талап кылат экендигин көрсөтөт.

«Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине ылайык, Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгы Кыргыз Республикасынын атынан суйлошүүлөрдү жүргүзүүгө жана эл аралык мүнөздөгү макулдашууларга кол коюу укугуна ээ эмес, анткени Конституциянын 7-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде дин жана бардык ырасымдар мамлекеттен ажыратылган. Ошондуктан, мамлекеттик органдарынын функциясын диний уюмга өткөрүлүп берилиши Конституциянын 1-беренесинин 1-бөлүгүнүн жана «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине карама каршы келет деп эсептейт.

Кайрылуучу Ж. Тойчубеков келтирген жүйөөлөргө ылыйык, баардык диний уюмдар бирдей шартта учеттук жана мамлекеттик каттоодон өтүшөт, баардык диний уюмдарга Конституциянын жана мыйзамдардын таасири бирдей, Кыргыз Республикасындагы 2000 (эки миң) ден ашык уюмдун ичинен Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгына мыйзам түрүндө мамлекет тарабынан өзгөчө көңүл бөлүнүшү мыйзамсыз деп билдирет.

Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 15-июнундагы № 46 Мыйзамы менен толукталган «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана

диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында аныкталгандай Сауд Аравия Королдугунун аймагындагы ыйык жерлерге Кыргыз Республикасынын жарандарынын зыяратка баруусун (ажы, умра) уюштуруу жана ал үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен белгиленген тартипте катталган Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгына жүктөлгөндүгү, Конституциянын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө, 7-беренесинин 2, 3-бөлүктөрүнө, «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесине, «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнө карама-каршы келет, ошондуктан аны конституциялуу эмес деп таап берүүнү өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы Ж. Тойчубековдун өтүнүчүн жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Ч.О. Осмонованын маалыматын угуп, төмөнкү жыйынтыкка келди.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин талаптарына ылайык, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу маселесин чечүүдө, баарынан мурда, кайрылууунун мазмуну жана таризи мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүн аныктайт. Тактап айткапда, аталган конституциялык мыйзамдын 25-беренеси кайрылууга коюлуучу жалпы талаптарды бекитип, бул берененин 8-, 9-пункттарына ылайык кайрылууда конкреттүү, конституциялык мыйзамда көрсөтүлгөн кайрылууну кароо негиздери; кайрылуучунун коюлган маселе боюнча көз карашы жана аны Конституциянын ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш. Бул, конституциялуулугун талашып жаткан ченем

тууралуу кайрылуучунун шектери объективдүү негиздемелер менен чындалышы жана так айкындалышы керек экендиги билдирет.

Кайрылуучу Ж. Тойчубеков конституциялуулугун талашып жаткан ченем тууралуу так укуктук далилдерди келтирген эмес, кайрылууда туудурган ченемдердин маңызы конкреттүү түрдө көрсөтүлгөн эмес.

Мындай жагдайларда, судьялар коллегиясы кайрылуучунун көз карашы укуктук негизделбеген деп эсептейт, жана ушул жагдайдын негизинде талашып жаткан ченемде күмөндүүлүктүн пайда болуусу табылбайт. Ал эми, күмөндүүлүктүн пайда болуусу жогоруда аталган конституцялык мыйзамдын 24-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасында каралуучу иштин себептери болуп эсептелет.

Мындан сыркары, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 97-беренесинин 6-бөлүгүнө жана «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 18-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы: мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар Конституцияга карама-каршы келген учурда аларды Конституцияга ылайык эмес деп табат. Ал эми талашып жаткан ченем менен «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченеми жана «Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдеринин карама-каршылыгы тууралуу маселелерди чечүү Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын кароосуна жатпайт.

Демек, Ж. Тойчубеков тарабынан коюлган мыйзамдар арасындагы карама-каршылык тууралуу талаптар Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына караштуу эмес жана аны конституциялык сот өндүрүшү тартибинде кароого эч кандай негиз жок.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча

башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары ушул Конституцияда жана мыйзамдарда аныкталган ыйгарым укуктардын алкагынан чыга алышпайт.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 24-беренесинин экинчи абзацын, 25-беренесинин 3-бөлүгүнүн 8-, 9-пункттарын, 28-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1-, 4-пункттарын жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы :**

1. Тойчубеков Жыпарбек Алымбаевичтин кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Кайрылуу жана ага тиркелген материалдар кайтарылып берилсин.

3. Аныктамага карата Конституциялык палатага даттанууга мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Ч. О. Осмонова

К. Абдиев

Ж. И. Саалаев

№ 41-о